**Чыныбай Турсунбековдун чыгармаларын көркөм окуу боюнча республикалык «Жылдыздуу жээк» конкурсунун**

# ЖОБОСУ

## 1. Жалпы жоболор

1.1 Бул жобо Чыныбай Турсунбековдун чыгармаларын көркөм окуу боюнча "Жылдыздуу жээк" көркөм окуу конкурсунун шарттарын, тартибин жана өзгөчөлүктөрүн аныктайт.

1.2 Көркөм окуу конкурсу "Чыныбай Турсунбеков атындагы фонд" тарабынан өткөрүлөт жана уюштуруучу болуп саналат.

1.3 Конкурстун максаттары:

-катышуучулардын чыгармачылык дараметин ачууга көмөк көрсөтүү жана Чыныбай Турсунбековдун чыгармачылыгын жайылтуу;

-кыргыз поэзиясын даңазалоо;

-көркөм окууга шыктуулардын жөндөмүн ачуу;

-көркөм окуу жанрын өркүндөтүү.

## 2. "Жылдыздуу жээк" көркөм окуу конкурсунун шарттары:

2.1 Конкурска төмөнкү категориялар боюнча катышат:

1. 4-7 - класстын окуучулары;
2. 8-11 - класстын окуучулары;
3. 18 жаштан жогорку баардык жарандар.

2.2 Чыныбай Турсунбековдун ырларынан көркөм окуп видео тартуу;

2.3 Видеонун узактыгы 4 мүнөттөн ашык болбошу шарт;

2.4 Видеону телефон, вебкамера же башка жабдууларды колдонуу менен тартууга болот;

2.5 Форматы 1920*1080 өлчөмүндө тараптарынын катышы 16:9 (ютуб видеоплатформасына ылайык келсин);

2.6 Видеонун сапаты 1080 HD кем эмес, үн сапаты так жана даана угулуусу керек;

2.7 Видеонун даяр материалын аты-жөнү, байланыш номери камтылган маалыматтар менен телеграм/вотсап тиркемеси аркылуу 0554 72 72 27

номерине жөнөтүңүз. (Алгач видео жөнөтүлөт, андан кийин өзүңүз тууралуу маалымат жазылган текст жөнөтөсүз).

2.8 Катышуучу өзү көрүнбөстөн, үндү аудио жаздырып видео клип катары коштоп жасаган видеолор кабыл алынбайт.

2.9 Бир катышуучудан бир гана видео кабыл алынат.

**3. Конкурстун мазмуну**

3.1 Чыныбай Турсунбековдун ырларын жатка көркөм окуу.

3.2 Ыр кеминде 12 поэтикалык саптан турушу керек.

3.3 Көркөм окуу музыкалык коштоо менен болушу мүмкүн (автордук укук менен корголгон музыкалар менен коштоого тыюу салынат).

**4. Конкурстун жыйынтыгын чыгаруу мөөнөттөрү:**

4.1 Көркөм окуу боюнча видео материалдарды кабыл алуу 20.04.2026-жылдан 1.06.2026-жылга чейин.

4.2 Келип түшкөн видеолор “Чыныбай Турсунбеков фонду” ютуб каналына жана социалдык тармактагы баракчаларга (фейсбук, инстаграм) жайгаштырылат.

4.3 Конкурстук видеолор атайын түзүлгөн калыстар тобу тарабынан бааланат жана ютуб видеоплатформасынан, социалдык тармактагы баракчалардан эң көп топтогон ЛАЙК (жакты) белгисинин жалпы саны эске алынат.

4.4 Биринчи баскычтын жеңүүчүлөрү «Акун Ысык-Көл» пансионатында жыл сайын өтө турган «Чыныбай Турсунбеков» поэзия фестивалына катышууга мүмкүнчүлүк алышат.

4.5 Фонддун фейсбук жана инстаграм барачаларына катышуучу тууралуу маалыматтар менен видеосу жарыяланып ютуб каналдын шилтемеси көрсөтүлөт.

4.6 Конкурс жарыяланган күндөн баштап, келип түшкөн видеолор 24-саат ичинде каралып, каналага жана баракчаларга жүктөлөт. (Катышуучунун эсине: канчалык эрте жөнөтсөңүз, лайк топтоого көбүрөөк мүмкүнчүлүк болот).

4.7 Жеңүүчүлөрдү аныктоо үчүн тандоо туру Ысык-Көл жээгинде өтө турган “Чыныбай Турсунбеков” поэзия фестивалында аныкталат.

4.8 Финалистер төмөнкү категориялар боюнча тандалып алынат:

- 4-7-класстын окуучулары арасынан 3 катышуучу;
- 8-11-класстын окуучулары арасынан 3 катышуучу;
- 18 жаштан жогорку катышуучулар арасынан 3 катышуучу.

**5. Конкурска коюлган талаптар:**

5.1 Видеороликтердин мазмуну Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеши керек. Сынакка саясий, жарнамалык мүнөздөгү, башка адамдардын кадыр-баркына жана сезимдерине шек келтирген, конкурстун темасына туура келбеген видеолор кабыл алынбайт;

5.2 Чыныбай Турсунбековдун чыгармаларынан окулган ырлар кабыл алынат;

5.3 Ырдын текстиндеги сөздөр кыргызча так жана туура айтылышы керек.

**6. Конкурска катышуучуларынын ишин балоо критерийлери**

6.1 Поэтикалык чыгарманын аткарылышынын деңгээли төмөнкү критерийлер боюнча бааланат:

- чыгарманын текстин билүү;
- интонациянын экспрессивдүүлүгү;
- театрдын экспрессивдүү каражаттарын колдонуу (мимика, жаңсоолор, позалар, кыймылдар).

**7. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо**

7.1 Финалдык турга өткөн көркөм окуунун катышуучулары "Акун Ысык-Көл" пансионатына эс алуу менен бирге "Чыныбай Турсунбеков" поэзия фестивалына катышууга жолдомо алат.

7.2 Конкурстун жыйынтыгын жарыялоо жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо "Чыныбай Турсунбеков" поэзия фестивалынын жабылыш аземинде өткөрүлөт.

7.3 Ар бир категория боюнча 4-7-класс, 8-11-класс, 18 жаштан жогорку катышуучулар арасынан 1-орундан 3 жеңүүчү аныкталат, калган катышуучулар номинация ээси болушат.

7.4 1-орундун жеңүүчүлөрүнө атайын диплом, статуэтка жана акчалай сыйлык ыйгарылат.

7.5 Номинация ээлери диплом жана кызыктыруучу белектер менен сыйланат.

Эскертүү: Чыныбай Турсунбековдун чыгармаларын, китептерин www.tursunbekov.kg сайтынан ырлар жыйнагынын топтомун түзгөн Жылдыздуу жээк китебинин электрондук форматын окуй аласыз. фейсбук Чыныбай Турсунбеков атындагы фонд, инстаграм fond.tursunbekov баракчасында ырлар, маалыматтар жеткиликтүү.


www.tursunbekov.kg

fond.tursunbekov

Чыныбай Турсунбеков атындагы фонд

Чыныбай Турсунбеков фонду

fond.tursunbekov@gmail.com

Бишкек шаары., Кулиев көчөсү №2, почта индекси 720010

Сурап билүү: 0554 72 72 27 (WhatsApp, Telegram)

# Видеонун форматы

**Көңүл буруңуз! Көркөм окуу конкурсунун катышуучуларына эскертме**

- Форматы 1920*1080 өлчөмүндө тараптарынын катышы 16:9.
- Видеонун сапаты 1080 HD кем эмес, үн сапаты так жана даана угулуусу керек.



**Туура**



**Туура эмес**